DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Бекмурзаева Г.К.*

## ИМАНАЛЫ АЙДАРБЕКОВ КАРА-КЫРГЫЗ АВТОНОМИЯЛУУ ОБЛАСТЫНЫН РЕВОЛЮЦИЯЛЫК КОМИТЕТИНИН ТӨРАГАСЫ КАТАРЫ

*Бекмурзаева Г.К.*

## ИМАНАЛЫ АЙДАРБЕКОВ КАК ПРЕДСЕДАТЕЛЬ РЕВОЛЮЦИОННОГО КОМИТЕТА КАРА-КЫРГЫЗСКОЙ АВТОНОМНОЙ ОБЛАСТИ

*G. Bekturzaeva*

## IMANALY AIDARBEKOV AS CHAIRMAN OF THE REVOLUTIONARY COMMITTEE OF THE KARA-KYRGYZ AUTONOMOUS REGION

*УДК: 947.1.088 (575.2) (043.3)*

*1924-жылы 14-октябрда Москва Бүткүл Союздук БАК-тын 2-сессиясы Орто Азия элдеринин Улуттук мамлекеттик бөлүнүшү жөнүндө чечим кабыл алган, анда Кара-Кыргыз Автономиялуу областын РСФСРдин курамында түзүү чечими кабыл алынган. Жумушчу, дыйкан жана Кызыл армиянын депутаттарынын советинин Бүткүл Россиялык Борбордук Аткаруу комитетинин президиумунун токтому менен 1924-жылдын 21-октябрында Кара-Кыргыз Автономиялуу областын башкаруу үчүн революциялык комитет түзүлгөн. Революциялык комитеттин курамы 17 адамдан турган, Революциялык комитеттин төрагасы болуп Иманалы Айдарбеков дайындалган. Ошол эле чечим менен И.Айдарбековду РКП(б)нын уюштуруу бюросунун ККАОнун убактылуу партиялык бюросунун мүчөлүгүнө бекиткен. 1924-ж. 11-ноябрда РКП(б)нын Кара-Кыргыз уюштуруу партбюросунун 1-пленумунун чечими менен оргпартбюронун Президиумуна 7 мүчөнүн бирөөсү болуп шайланат. 1924-жылы 12-ноябрда Түркстан КП(б)нын Борбордук Комитети И.Айдарбековду Кара-Кыргыз облпартбюросунун карамагына Кара-Кыргыз Автономиялуу областынын Революциялык Комитетинин төрагасынын кызматын аткаруу үчүн жиберилген. Бул учурда бүт эмгегин эл чарбасын калыбына келтирүүгө багыттап, 10 завод ишке киргизилген, Пишпек-Балыкчы, Пишпек- Верный тракттары жакшыртыла баштаган, кыргыз балдары үчүн мектеп-интернаттар ачылган, Пишпек шаарындагы мектептерге дене тарбия сабактары милдеттүү түрдө киргизилген, ошол учурдагы эпидемиялар болгон тиф, холера, оспа менен активдүү күрөш жүргүзүлгөн.*

***Негизги сөздөр:*** *фракция, секция, уезд, автономиялык, кадрлар, президиум, профсоюз, комсомол.*

*14 октября 1924 года 2-я сессия ВЦИК в Москве приняла решение о Национальном государственном размежевании народов Средней Азии, на котором было принято решение о создании Кара-Кыргызской автономной области в составе РСФСР. 21 октября 1924 года Постановлением Президиума ВЦИК Совета рабочих, крестьянских и красноармейских депутатов был создан Революционный комитет по управлению Кара-Кыргызской автономной области. Революционный комитет состоял из 17 человек, председателем Революционного комитета был назначен И.Айдарбеков. Этим же решением Айдарбеков И. назначен членом временного партбюро оргбюро РКП(б) ККАО. 11 ноября 1924 г. решением 1-го пленума Кара-Кыргызского партбюро РКП(б) избран одним из семи членов Президиума партбюро. 12 ноября 1924 года ЦК Туркестанской коммунистической партии (б) направил И.Айдарбекова в Кара-Кыргызское областное партийное бюро на должность председателя Ревкома Кара-Кыргызской Автономной области. В то же время были введены в эксплуатацию 10 заводов, благоустроены тракты Пишпек-Балыкчи, Пишпек-Верный, открыты интернаты для кыргызских детей, введены уроки физкультуры в школах, он вёл активную борьбу против эпидемии тифа и холеры, оспа.*

***Ключевые слова:*** *фракция, секция, уезд, автономия, кадр, президиум, профсоюз, комсомол.*

*On October 14, 1924, the 2nd session of the All-Russian Central Executive Committee in Moscow adopted a decision on the National State Demarcation of the Peoples of Central Asia, at which a decision was made to create the Kara Kyrgyz Autonomous Region as part of the RSFSR. On October 21, 1924, by the Decree of the Presidium of the All-Russian Central Executive Committee of the Council of Workers, Peasants and Red Army Deputies, the Revolutionary Committee for the Management of the Kara of the Kyrgyz Autonomous Region was created. The Revolutionary Committee consisted of 17 people, I. Aidarbekov was appointed chairman of the Revolutionary Committee. By the same decision, I. Aidarbekov was appointed a member of the temporary Party Bureau of the Organizing Bureau of the RCP (b) KKAO. On November 11, 1924, by the decision of the 1st Plenum of the Kara-Kyrgyz Party Bureau of the RCP (b), he was elected one of the seven members of the Presidium of the Party Bureau. On November 12, 1924, the Central Committee of the Turkestan Communist Party (b) sent I.Aidarbekov to the Kara Kyrgyz Regional Party Bureau for the post of chairman of the Revolutionary Committee of the KKAO. At the same time, 10 factories were put into operation, the Pishpek-Balykchy and Pishpek-Verny tracts were landscaped, boarding schools for Kyrgyz children were opened, physical education lessons were introduced schools, he actively fought against the epidemic of typhus and cholera, smallpox.*

***Key words:*** *faction, section, county, autonomy, cadre, presidium, trade union, Komsomol.*

Иманалы Айдарбеков 1884-жылдын сентябрь айында Түркстан крайынын Жети-Суу областынын Пишпек уездине караштуу Күнтуу волостунун Арчалы айылында Айдарбек Турдин аттуу манаптын үй-бүлөсүндө туулган [1]. Бирок өзүнүн архивде сакталган өмүр баянында кедей дыйкандын үй-бүлөсүндө туулгандыгын белгилеген [2]. Кичинекей кезинде эне тилинде билим алып, 1905-жылы Пишпек төмөнкү айыл чарба мектебин орус тилинде аяктаган. Андан кийин Ташкент айыл чарба гидротехникалык мектебинин 3-курсун окуп, үй-бүлөлүк шартына байланыштуу окууну уланткан эмес.

1915-1917-жылдары Күнтуу волостунун айылдык кеңешинде жазгыч, ошол учурда дыйканчылык менен да алектенген. Бир нече убакыт Архангель подрайонунун Пишпек көчүрүү башкармалыгынын төрагасынын котормочусу болуп да иштеген [3].

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



1918-жылдын 28-августунда Күнтуу волостунан Пишпек уездинин жумушчулар, дыйкандар жана мусулмандардын депутаттарынын съездине солчул эсерлер партиясынын чечүүчү укугу менен делегат болуп шайланган. 1918-ж. 13-сентябрда коллегиянын мүчөлүгүнө шайлоо маселеси боюнча солчул эсерлер фракциясынан издөө секциясынын мүчөсү болуп шайланган. Солчул эсерлер партиясында И.Айдарбеков үч ай 1918-жылдын октябрь айына чейин турган. Ал өзүнүн өмүр баянында 1917-жылы солчул эсерлер партиясына кирип, Фрунзе шаарында ВКП(б) түзүлгөнгө чейин тургамын деп жазат. Ал эми 1918-жылдын октябрь айында Пишпек шаардык партиялык уюмунда ВКП(б)нын курамына кабыл алынган [4]. И.Айдарбековдун бул солчул эсерлер партиясынын курамында 1 жылдан ашык убакыт болгондугу анын кийинки тагдырына чоң жолтоо болгон. Өзүнүн өмүр баянында, өзүнүн колу менен толтурулган маалыматта ал 1917-жылдан 1918-жылдын октябрь айына чейин аталган партиянын курамында бир жылдан ашык убакыт тургандыгын далилдейт. Ал советтик мамлекеттик түзүлүшкө каршы саясий уюмдар деп эсептелгендиктен, ага тиешеси бар бардык партиялык жана мамлекеттик ишмерлер репрессияга туш болушкан.

1918-1920-жылдары Пишпек уездик аткаруу комитетинин мүчөсү болгон. Пишпек уездик шаардык революциялык комитеттин 1920-жыл 29-январь №33-буйругуна ылайык уездик ревкомдун жаңы курамына мүчө болуп кирген. 1920-1921-жылдары Каракол жана Нарын уездик шаардык ревкомдордун төрагасы болуп иштеген. 1921-1923-жылдары Пишпек уездик шаардык аткаруу комитетинин жана революциялык комитетинин төрагасы кызматында эмгектенген. Бул учурда бүт эмгегин эл чарбасын калыбына келтирүүгө багыттап, 10 завод ишке киргизилген, Пишпек-Балыкчы, Пишпек-Верный тракттары жакшыртыла баштаган, кыргыз балдары үчүн мектеп интернаттар ачылган, Пишпек шаарындагы мектептерге дене тарбия сабактары милдеттүү түрдө киргизилген, ошол учурдагы эпидемиялар болгон тиф, холера, оспа менен активдүү күрөш жүргүзүлгөн.

Пишпек уездик шаардык аткаруу комитетинин төрагасы И.Айдарбековго берген мүнөздөмөсүн толук сунуштайбыз. Мүнөздөмө 1923-жылы июль айында берилген:

I. «1) Факт жүзүндө жетекчи болуп эсептелет жана өзүнүн демилгелүүлүгүн көрсөтө алат.

2) Жумушчуларды өз алдынча талдай жана жетектей алат.

3) Партиялык жумушчулар менен достук мамиледе жана тартиптүү.

4) Бул иштерге пайдалуу кадр катары ордунда калтырууга болот.

5) Областтык масштабда советтик иштерди алга жылдыруу, тартипке келтирүү максатында пайдаланса болот.

II. 1) Марксисттик даярдык - өз алдынча билим алуу.

2) Саясий абалга карата ориентир жасай алат.

3) Марксисттик практик.

4) Өз алдынча иштөөсү жок.

III. 1) Саясий жактан бекем, большевизмден башка партияга өтүү ою болгон эмес.

2) Өзүн-өзү жакшы алып жүрөт.

3) Партиялык жумушчуларга достук, ал эми кол алдындагыларга жумуш туурасында гана мамиледе.

4) Катачылыкты мойнуна алат жана жооптуу жыйынтык чыгара билет.

5) Кулактарга жана ар түрдүү группировкаларга кошулуу ниети жок.

6) Кабыл алган чечимдерди ишке ашырууга бекем кызыкдар.

7) Энергиялуу.

8) Чынчыл адилеттүү жолдош.

9) Администратор» [5]

Пишпек шаардык аткаруу комитети И.Айдарбековго жакшы мүнөздөмө берген. Анткени ал өтө эмгекчил болгондуктан, бүткүл эмгегин жаңы жашоого, жаңы өзгөрүүлөргө арнаган. Ошентсе да, ал манаптын үй бүлөсүнөн чыккандыктан, совет бийлигинин талаптарына жооп бербегендиктен, аны ар түрдүү шылтоолор менен репрессияга дуушар кылышкан.

1923-жылдын аягында Жети-Суу областынын масштабындагы жумуштарга жиберилет: 1924-жылдын апрель айына чейин областтык жер бөлүмүнүн башчысы, 1924-жылдын апрелинен октябрь айына чейин Жети-Суу областынын аткаруу комитетинин төрагасы болуп иштеген. 1924-жылы 24-сентябрда Жети-Суу областтык аткаруу комитетинин төрагасы И.Айдарбековго Түркстан коммунисттик партиясынын Жети-Суу обкомунун секретарынын орун басары В.Николаев кол койгон мүнөздөмөдө төмөндөгүдөй баа берилген:«Уюштуруучулук жана административдик жөндөмгө ээ. Өзүн-өзү жакшы алып жүрөт, энергиялуу жана тартиптүү. Жергиликтүү шартка жараша иш тута алат, мүмкүн болсо ушул иш ордунда калтырылса болот» [6].

1924-жылдын күз айларында Ж.Абдырахманов менен биргеликте Орто Азияны улуттук-мамлекеттик бөлүштүрүү маселесине өтө активдүү катышкан. Анткени ал буга чейин Түрк Республикасынын курамында Кыргыз тоолуу областын түзүүнүн демилгечилеринен болгон. Бирок ал аракеттер ишке ашпай калгандан кийин, өз алдынча кыргыз мамлекетин түзүү аракетинде бул аймактагы улуттук-мамлекеттик бөлүштүрүү маселесине баш оту менен аралашып, кыргыздардын өз алдынча мамлекет болуп калуу мүмкүнчүлүгүнө шарт түзгөндөрдүн сап башында турган. Бүт-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



күл Союздук БАКтын 1920-ж. 27-августта «Түркстанды административдик жактан бөлүштүрүү жөнүндө» кабыл алган токтомунун негизинде Орто Азиядагы жооптуу кызматкерлердин жыйыны (1924-ж. январда) өткөн. Анда бир нече талаш-тартыштардын негизинде кыргыздар жашаган аймак Казак Республикасынын аймагына кире турган сунуш жактырылган. Бирок 1924-жылы 14-октябрда Москва Бүткүл Союздук БАКтын 2-сессиясы Орто Азия элдеринин Улуттук мамлекеттик бөлүнүшү жөнүндө чечим кабыл алган, анда бир нече өзгөрүүлөр болгон: Тажик автономиялык областы Тажик АССРи болуп түзүлүп, Өзбек ССРинин курамында калтырылган, Кара Калпак автономиялык областы түзүлүп Кыргыз (Казак) АССРинин курамына кирген, ошону менен катар Кара Кыргыз Автономиялык областын РСФСРдин курамында түзүү чечими кабыл алынган [7].

Ал эми алгачкы мамлекетүүлүктүн калыбы болгон Кара кыргыз автономиялык областынын алгачкы башкаруу органы катары революциялык комитет түзүлгөн. Ошол учурда ККАО нун жалпы аймагы 195,7 миң км$^2$ түзгөн. Калкынын саны 737миң адамды түзгөн, алардын ичинен кыргыздар - 63,5%ды, орустар - 16,8%ды, өзбектер - 15,4%ды, казактар - 1,3%ды, башка улуттардын өкүлдөрү - 3,5%ды түзүшкөн.

Кыргыз автономиялуу областынын курамына мурдагы Жети-Суу областынан Каракол, Нарын, Пишпек уезддери андан Каракол-Нарын жана Пишпек - округдары түзүлгөн, Сырдарыя областынан 14 волосту Олуя-Ата уезди Пишпек округуна кирген. Фергана областынан 13 волост, Ош уездине жана Фергана уездинен 5 волост, Кокон уездинен 2 волост, бириктирилип Ош округун түзгөн. Ал эми Анжиан уездинен 10 волост, Наманган уездинен 9 волост, Жалал-Абад округуна бириктирилген. Автономиялууу областтын аймагы убактылуу 4 округга бөлүнгөн: Пишпек – борбору Пишпек шаары 20 волосттон, Каракол-Нарын – борбору Каракол (Пржевальск) шаары 16 волосттон, ОШ-борбору Ош шаары 20 волосттон, Жалал-Абад – борбору Жалал-Абад шаары 10 волосттон турган [8].

Жумушчу, дыйкан жана кызыл армиянын депутаттарынын советинин Бүткүл Россиялык Борбордук Аткаруу комитетинин президиумунун токтому менен 1924-жылдын 21-октябрында Кара Кыргыз Автономиялуу областын башкаруу үчүн революциялык комитет түзүлгөн. Революциялык комитеттин курамы 17 адамдан турган: Ревкомдун төрагасы: И. Айдарбеков төраганын орун басарлары Д. Зульфибаев, М. Янгулатов, мүчөлөрү: Ю. Абдрахманов, С.М. Малышев, С. Чонбашев, П. Покровский, М. Ботбаев, М.Д. Каменский, Б. Сарыбаев, Квитко Р., Худайкулов Р., Р. Расулов, И. Арабаев, И.Тойчинов, Джанышев, Асылбеков. [9]

Революциялык комитеттин составы Кара-Кыргыз РКП(б) уюштуруу партиялык бюросу тарабынан сунушталып, 1924-жылдын 12-ноябрында Ревкомдун I пленумунда шайланган жана ушул күндөн өз ишин баштаган.

Мамлекеттик башкаруу органы катары түзүлгөн революциялык комитет 1925-жылдын 30-майына чейин өз функциясын аткарган.

Революциялык комитет ошол учурдагы мамлекеттик түзүлүшкө тиешелүү иш чараларды жүргүзө баштаган. Алгачкылардан болуп, кыргыздардын чек аралары, ички түзүлүшү аныкталган. Кыргыз жери эки округга бөлүнгөн. Пишпек окугу жана Жалал-Абад округу, бул округдарды башкаруу үчүн да округдун революциялык комитеттер түзүлгөн.

Бул аракеттердин натыйжасында РКП(б) БКнын Саясий бюросу 1924-жылдын 18-октябрда Кара-Кыргыз Автономиялык областынын революциялык комитетинин курамын бекитип, анын төрагасы кылып И.Айдарбековду дайындайт. Ошол эле чечим менен И.Айдарбековду РКП(б)нын уюштуруу бюросунун ККАОнун убактылуу партиялык бюросунун мүчөлүгүнө бекиткен [10]. 1924-жылы 21-октябрда ВЦИКтин Президиумунун чечими менен ККАОнун Ревкомунун төрагасы болуп бекитилген. 1924-жылы 11-ноябрда РКП(б)нын Кара-Кыргыз уюштуруу партбюросунун 1-пленумунун чечими менен оргпартбюронун Президиумуна жети мүчөнүн бирөөсү болуп шайланат. 1924-жылы 12-ноябрда Түркстан КП(б) нын Борбордук Комитети И.Айдарбековду Кара-Кыргыз облпартбюросунун карамагына ККАОнун Революциялык Комитетинин төрагасынын кызматын аткаруу үчүн жиберген [11].

Ошол биринчи пленумда облревкомдун фракциясында 9 адамдан турган президиум түзүлгөн, президиумдун төрагасы болуп И.Айдарбеков шайланган. Облревкомдун биринчи жыйынында 5 адамдан турган жумушчу аппарат түзүлгөн, аны өзү жетектеген. Ал ошол учурдун эң сабаттуу, билимдүү кадрларынан болгондуктан, өлкөнүн бардык тармактарын көтөрүү максатында түрдүү кызматтарга жиберилип турган. И.Айдарбеков өлкөнүн айыл чарбасын эле калыбына келтирүүгө жигердүү катышпастан, мамлекеттүүлүктүн түптөлүшүндө да өзгөчө салым кошкон инсандардан. Анткени ал ошол учурдагы кыргыз интеллигенциясынын көч башында турган, билимдүү, орус тилинде да эркин сүйлөгөн, ошол учурдун эң алдыңкы мекенчил инсандарынан болгон. Москва менен да эркин сүйлөшүп, докладдарды, билдирүүлөрдү да орус тилинде жасаган. Ошол учурдагы тутуш сабатсыз элдин ичинде мындай адамдардын болушу чоң жетишкендик болуп саналган. 1924-ж. 3-декабрдагы Облревкомдун Президиумунун токтому менен И.Айдарбеков Эмгек жана Коргонуу Кеңешинин Орто Азия Бюросуна Облревкомдон өкүл болуп кирген.

1925-жылы 15-январда Кара-Кыргыз Автономиялуу областынын түзүлүшүн майрамдоого карата

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



уюштурулган Облревкомдун партиялык, комсомолдук, профсоюздук ж.б. уюмдардын катышуусу менен өткөн кезексиз жыйынында И.Айдарбеков ККАОнун өз алдынча мамлекеттин түзүлүшүнүн зарылдыгын белгилеген орус тилинде доклад окуган. Муну менен ал өз алдынча кыргыз мамлекетин түзүүнүн зарылчылыгын баса белгилеп, бир нече фактыларга токтолгон. Бул кийинки мамлекеттик түзүлүштүн этаптарынын бат ишке ашырылышына шарт түзгөн.1925-жылы 24-январда РКП(б)нын Кара-Кыргыз облпартбюросунун Секретариатынын токтому менен И.Айдарбеков облревкомдун атынан Атайын дайындалган бөлүмдөр Кеңешине (Часть особого назначения) мүчө болуп бекитилген. Ревкомдун төрагасы катары И.Айдарбеков облревкомдун алдында түзүлгөн убактылуу жана туруктуу комиссияларды жетектеп, өлкөдөгү эл чарбасын калыбына келтирүү боюнча бир катар алгылыктуу иштерди жүргүзө алган. Андан кийинки мезгилдерде да БАКтын жана Совнаркомдун бир нече комиссияларына мүчө жана төрага болуп иштеп турган. И.Айдарбеков облревкомго төрагалык кылган бул учурда ревкомдун аппараты областты ар тараптан башкаруунун жана ККАОнун учредительдик сьезддерди өткөрүүгө даярдыктарды жүргүзүүнү колго алган.

Революциялык комитет ошол учурдагы мамлекеттик түзүлүшкө тиешелүү иш чараларды жүргүзө баштаган. Алгачкылардан болуп, кыргыздардын чек аралары, ички түзүлүшү аныкталган. Кыргыз жери эки округга бөлүнгөн. Пишпек округу жана Жалал-Абад округу, бул округдарды башкаруу үчүн да округдун революциялык комитеттер түзүлгөн.

Кара кыргыз автономиялык областынын эң алгачкы борбору болуп Жалал-Абад негизделген, бирок ал жерде бийлик органдары жайгаша турган шарт болбогондуктан убактылуу башкаруу Ташкент шаарына жылдырылган. Ташкент шаарынан кыргыздарды башкаруу оор кырдаалдарды жаратса

Ал эми Пишпек округунун борбору болуп Пишпек шаары, Жалал-Абад шаарынын округунун борбору болуп Жалал-Абад шаары кийинчерээк Ош шаары болгон [12]. Областтык ревком 1925-ж. 15-ноябрында иш жүргүзүү үчүн Президиумунун жумушчу аппаратын түзгөн. Анын курамы 5 адамдан турган: И.Айдарбеков - төрага, областтык пландоо комиссиянын төрагасы - М.Янгулатов, төраганын орун басары Д.Зульфибаев, Ревкомдун катчысы С.М. Малышев, администрадивдик бөлүмдүн башчысы И.Тойчинов. 1924-ж. 12-ноябрда Облревкомдун пленумунун чечими менен Пишпек жана Ош шаардык аткаруу комитеттер Пишпек Жалал-Абад ревкому болуп түзүлгөн [13]. Бул областтык ревком мамлекеттик түзүлүштү ички жана тышкы саясатты жүргүзүү үчүн бир нече мамлекеттик органдарды түзгөн.

**Адабияттар:**


1. ЦГА ОПД КР Ф.10. Оп.1.Д.33.Л.131. И.Айдарбековдун автобиографиясы.
2. ЦГА ОПД КР Ф.10.Оп.15.Д.91.Л.19. Личный листок по учету кадров.
3. ЦГА ОПД КР Ф.10. Оп.15.Д.91.Л.5. Эсеры.
4. ЦГА ОПД КР Ф.10. Оп.15.Д.91.Л.19. Личный листок по учету кадров.
5. ЦГА ОПД КР Ф.10. Оп.15.Д.91.Л.15. Личный листок по учету кадров.
6. ЦГА ОПД КР Ф.10. Оп.15.Д.91.Л.13. Личный листок по учету кадров.
7. Джуманалиев А. Политическая история Кыргызстана. - Б., 2005. - 129-б.
8. Джуманалиев А. Политическая история Кыргызстана. - Б., 2005. - 131-б.
9. ЦГА ОПД КР Ф.20. Оп.1.Д.3.Л.32-34. Отчетный доклад ревкома.
10. Курманов З.К. Первый. С-Пб., 2014. - 99-б.
11. ЦГА ОПД КР Ф.20. Оп.2.Д.24.Л.3. Отчетный доклад ревкома.
12. Джуманалиев А. Политическая история Кыргызстана. - Б., 2013.
13. Джуманалиев А. Политическая история Кыргызстана. - Б., 2005.1- 31-б.
14. Бекмурзаева Г.К. Анализ истории кыргызской государственности. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2011. №. 6. С. 219-220.